# Эл аралык медицина факультетинин «Клиникалык дисциплиналар 1» кафедрасынын №6 жыйынынын протоколу

16.01.2023

Баары-36

Катышкандар-30
Келбегендер-6

Күн тартиби:

5. Ар түрдүү маселелер.
5.2.1 Стратегиялык планды талкуулоо; .»Туруктуу онуугунун модели» стратегиялык онуугу 2023-2026-жылдарга программасы менен таанышуу;
5.2.2. 2022-2023 окуу жылынын кузгу семестринин 2-цикл экзамендердин жыйынтыгын сапаттык корсоткуч боюнча талкуулоо;
5.2.3. «Leonardo» симулятордук кабинети боюнча;

5.2.1. Угулду: Отурумдун төрайымы м.и.к., доцент кафедра башчы Маматова С.М. кун тартиби менен тааныштырды. Клиникалык дисциплиналар 1 кафедрасынын 2021-2025-жылдарга стратегиялык планынын долбоору корсотулду. «Жогорку квалификациялуу жана атаандаштыкка жөндөмдүү адистерди даярдоо боюнча ишти дайыма өркүндөтүү максатында стратегиялык планды мезгил-мезгили менен жаңыртуу жана кайра карап чыгуу зарыл. Ошондуктан сиздер алдын ала пландын долбоорун алгансыздар. Урматтуу кесиптештер, ар бир пунктка көңүл буруп таанышып чыксаныздар, өзгөртүүлөр керек болсо оюнуздарды билдирип, сунуштарды калтырыныздар".

М.и.к., доцент Рысбекова Г. С. Оз оюн билдирип отту:
«Студенттер менен пациенттердин тыгыз байланышы жана врачтын бейтаптар менен болгон реалдуу процесстерин жана өз ара аракеттенүүсүн жакшыртуу учун шарттарды түзүү кесиптик компетенцияларды калыптандыруунун негизи болуп саналаары баарына белгилүү. Ошондуктан, кафедранын деңгээлинде мындай мүмкүнчүлүктөрдү кенейтүүнү сунуштайм. Симуляция борборлорун активдүү колдонуу жана Dimedus программасынын учурларынын санынын көбөйүшү ж.б. Окуу-методикалык иш пунктуна, эгерде каршы болбосоңуз, анда электрондук билим берүү ресурстарын толуктоо пунктчасын кошобуз".

Кафедранын окутуучусу Эсеналиева Ж.А. соз айтып отту: "Урматтуу окутуучулар ОшМУнун жана ЭМФтин страдегиялык планынын негизинде кафедранын 2021-2025-жылдарга тузулгон планына илимий багытта, стартаптар боюнча жаны пландарды кошуп ишке ашуусуна тынымсыз аракет жасайлы жана арбир окутуучунун 2022-2023 окуу жылынын экинчи жарым жылдыгына тузулгон пландарын ОшМУнун стратегиялык планынын негизинде кошумчалап озгортуу киргизели".
»Туруктуу онуугунун модели» стратегиялык онуугу 2023-2026-жылдарга программасы менен кафедра башчы С.М.Маматова тааныштырып отту. Жаш окуучулар Кебекова А.А., Райымбек уулу Нурлан бир катар суроо берип ага канатаандыраарлык жооп алышты.
5.2.2. Угулду: Отурумдун торайымы м.и.к., доцент С.М. Маматова бардык предметтер боюнча сапаттык жетишкендиктеринин корсоткучу менен тааныштырды. Жыйынтыгында 1-циклга салыштырмалуу Ички оорулар-2 дисциплинасынын 2-циклда сапаттык корсоткучу "жакшы" "орточо" деп бааланды. Кафедранын окутуучусу Эсеналиева Ж.А.,

ички оорулар-3 дисциплинасынын жакшы корсоткучун томондогучо баяндап отту: “Биринчи циклда жаны окуу жылына студенттер кечигип келгенине байланыштуу семинардык сабактарга катышпай калышкан, бул циклда студенттер толук сабактарга катышып, сабак калтыруу аз болгон ошондуктан студенттердин жетишуусу бир кыйла жогорку корсоткучту корсотту”.

Симуляция пациент “Леонардо” боюнча соз кафедранын окутуучусу Абылов К.Т.ке берилди.

«Студенттер менен пациенттердин тыгыз байланышы жана врачтын бейтаптар менен болгон реалдуу процесстерин жана өз ара аракеттенүүсүн жакшыртуу учун шарттарды түзүү кесиптик компетенцияларды калыптандыруунун негизи болуп саналаары баарына белгилүү. Ошондуктан, кафедранын деңгээлинде мындай мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтүү максатында симуляция пациент “Leonardo” заказ боюнча алып келинди. Студеннтер менен симулятордук кабинетте иштоо учун бизге томонку мебелдер керектелет:

- Медициналык диван - 4;
- Студеннтер учун отургучтар жазууга ылайыкташтырылган - 40;
- Стол окутуучу учун - 1;
- Кичине размерде тумба стол медициналык предметтерди сактоо учун - 2;
- Шкаф - 1;

Корсотулгон мебелдерди алуу учун жана симулятордук борборду ишин баштоого ОшМУ тарабынан жардам керектелет.

Токтом кылат:

1. Клиникалык дисциплиналар 1 кафедрасынын 2021-2025-жылдарга стратегиялык планы кошумча озгортулуп бекитилсин.
   Ар бир окутуучунун 2022-2023 окуу жылынын экинчи жарым жылдыгына жеке планы ОшМУнун жана ЭМФтин стратегиялык планынын негизине ылайыкталып тузулсун;
2. Клиникалык дисциплиналар 1 кафедрасындагы сапаттык корсоткучу томон болгон группаларга кошумча козомол жургузуу, оз алдынча даярданууга тапшырма беруу жана сабакка катышууну кутуу контроль кылуу ар бир окутуучуга жуктолсун.
3. Кафедра тарабынан керектуу рапорт жана муноздомолор даярдалып ОшМУнун башкы имаратына жиберилсин.

Төрайым: м.и.к., доцент Маматова С.М.

Катчы: Зикиря кызы Роза